КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЧУЙ ОБЛАСТЫНЫН
АЛАМУДУН РАЙОНУНУН
ТАШМОЙНОК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ТАШМОЙНОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

№ ________ «18» 11 2016 жыл

**Таш-Мойнок айылдык кеңешинин 26 чакырылышынын кезектеги сессиясынын**
**№ 125 токтому**

## ТОКТОМ

**«Таш-Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставын» бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 15 беренесинин талаптарына ылайык, Таш-Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын элдик жыйындарында жергиликтүү жамааттын Уставынын долбоорун талкуулап, жыйындарда жергиликтүү жамааттан, депутаттардан түшкөн сын-пикир, сунуштарын эске алып, Токтомдорду жана тескемелерди аткаруу боюнча Таш-Мойнок айылдык кенешинин туруктуу комиссиянын корутундусун угуп, Таш-Мойнок айылдык кенеши Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 31-беренесинин 2 бөлүгүнүн 8 пунктуна таянып,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Тиркемеде Таш-Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы бекитилсин.
2. Ушул токтом жана Таш-Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин www.gamsumo.gov.kg веб- сайтына жарыялансын.
3. Ушул токтомду жана тиркемедеги жергиликтүү жамааттын Уставын расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизуу жагы Таш-мойнок айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Таш-Мойнок айылдык кеңешинин билим берүү боюнча туруктуу комиссиянын төрагасына милдеттендирилсин.

**Таш-Мойнок айылдык**
**кеңешинин төрайымы** С. Тенизбаева